DOI:10.26104/NNTIK.2023.31.77.047

*Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К.*

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨ XX КЫЛЫМДЫН 20-40-ЖЫЛДАРЫНДА АЙЫЛДЫК КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНҮН ТАМАК-АШ МАДАНИЯТЫНЫН ӨНҮГҮШҮНӨ КАЛК (*ЭТНОС*) АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРЛЕРИ

*Куттубекова В.М. Омурбеков Ч.К.*

# ВЛИЯНИЕ МЕЖЭТНИЧЕСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ 20-40-Х ГОДОВ XX ВЕКА В ТАЛАССКОЙ ДОЛИНЕ НА РАЗВИТИЕ КУЛЬТУРЫ ПИТАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ СЕЛЬСКОЙ СЕМЬИ

*V. Kuttubekova, Ch. Omurbekov*

# INFLUENCE OF INTERETHNIC INTEGRATION IN THE 20-30S OF THE XX CENTURY IN TALAS VALLEY ON THE DEVELOPMENT OF FOOD CULTURE KYRGYZ RURAL FAMILY

*УДК: 947.01 (575.2)*

*Сунуш кылынган макалада Талас өрөөнүндө XX кылымдын 1920-1940-жылдарында айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелердин тийгизген таасирлери талаада чогултулган этнографиялык баяндамалардын негизинде илимий талдоо жүргүзүлөт. Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелер эки багытта (түрк тилинде сүйлөп, ислам динин туткан элдер менен жана немец, орус, украин, белорус тилдеринде сүйлөгөн элдер менен) жүргүзүлгөндүгү тастыкталат. Аталган мөөнөттө Коммунисттик партиянын жана Кеңеш бийлигинин Талас өрөөнүнүн көчмөн, жарым көчмөн айылдарында жана туруктуу кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында социалисттик-чарбалык мамилелердин жеңип чыгуусуна карата болгон чечимдери, жоболору жана көргөзмөлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн салттуу тамак-ашынын жаңы багытта өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзсө да, калк аралык мамилелер салттуу тамак-аштын өнүгүүсүнө ачыктан-ачык өз таасирин тийгизбестен, тили бир, дини окшош уйгурлардын, татарлардын, өзбектердин жасаган тамактарынын түрлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүүсүнө алгачкы кадамдарын жасаган.*

***Негизги сөздөр**: тамак-аш маданияты, калк аралык мамилелер, чарбалык, маданий байланыштар, азыктын жаңы түрлөрү, даректүү этнографиялык маалыматтар.*

*В данной статье анализируются на основе полевых этнографических материалов влияние межэтнической интеграции 1920-1940-х годов XX века в Таласской долине на развитие культуры питания кыргызской сельской семьи. Установлены два направления межэтнической интеграции (с народами, говорившие на тюркском языке, придерживающие исламскую религию и с немецким, русским, украинским, белорусским населением), которые оказывали воздействия на развитие культуры питания кыргызской сельской семьи. В указанный хронологический период оказывали положительное воздействие указы, положения и рекомендации Коммунистической партии и советского правительства для победы социалистического способа производства в кочевых и полукочевых аилах и стационарных селениях, в которых проживали кыргызское население Таласской долины. Не смогли оказывать существенное воздействие процессы межэтнической интеграции на развитие культуры питания кыргызского сельского населения. Были сделаны первоначальные шаги в распространении различных видов пищи уйгуров, татар и узбеков в культуре питания кыргызской семьи.*

***Ключевые слова:** культура питания, межэтническая интеграция, хозяйственные, культурные связи, новые виды продуктов, конкретные этнографические информации.*

*Based on field ethnographic materials, this article analyzes the impact of interethnic integration of the 1920-1940s of the XX century in the Talas Valley on the development of the food culture of the Kyrgyz rural family. The development of food culture in the Kyrgyz rural families of the Talas Valley, two directions of interethnic integration were established (with people speaking Turkic language, professing the Islamic religion - Kazakhs, Tatars, Uzbeks, Uighurs and with people speaking German, Russian, Ukrainian, Belarusian). In the period under review, directive materials, orders, decisions and recommendations of the Communist Party and the Soviet government served as convenient favorable conditions for the development of a food culture for nomadic, semi-nomadic, semi-sedentary and sedentary Kyrgyz families living in the Talas Valley. The processes of interethnic integration could not have a significant impact on the development of the food culture of the Kyrgyz rural population. However, the foods of the Kazakhs, Uyghur's, Tatars and Uzbeks living in one or neighboring villages took the initial steps in spreading the Kyrgyz rural families in the food culture.*

***Key words:** food culture, interethnic integration, economic, cultural ties, new types of products, specific ethnographic information.*

Азыркы мезгилге чейин кыргыз этнография илиминде XX кылымдын 20-40-жылдарында Талас өрөөнүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелердин тийгизген таасирлери даректүү этнографиялык маалыматтардын негизинде кененирээк изилдөөгө дуушар боло элек. Республиканын этнография илиминде ушул багытта кетирилген кемчиликти толуктоо максатында сунушталган илимий макала даярдалды.

Илимий макалада XX кылымдын 20-40-жылдарында Талас өрөөнүнүн айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелердин тийгизген таасирлерин талаада чогултулган даректүү этнографиялык булактардын негизинде төмөндөгүдөй тарыхый-этнографиялык милдеттер алдыңкы орунга жылдырылды:

– жергиликтүү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн түрк тилинде сүйлөгөн, ислам динин туткан казактар, татарлар, уйгурлар, өзбектер менен болгон калк аралык мамилелеринин тамак-аш маданиятында чагылдырылышы;

– кыргыз-славян (орус, украин, белорус), кыргыз-немец үй-бүлөлүк байланыштарынын жаңыдан калыптана башташы жана алардын айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасирлери.

Сунушталган макалада коюлган илимий көйгөйлөр бүгүнкү күнгө чейин жарыкка чыккан этнографиялык басылмаларда жалпы кыргыз эли, анын ичинде Талас өрөөнүндө жашаган айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү үстүртөдөн, жалпылаштырылган түрүндө ой-пикирлер окумуштуулар тарабынан өзүлөрүнүн илимий басылмаларында жарыка чыгарышкан. Илимий макаланын этнографиялык булагы катары Ч.К. Өмүрбеков тарабынан өткөн кылымдын 80-жылдарында Талас аймагында [1], В.М. Куттубекованын XXI кылымдын биринчи чейрегинде Талас өрөөнүндө топтолгон талаа этнографиялык маалыматтары [2] түздү.

XX кылымдын 20-40-жылдары кылымдар бою салттуу көчмөн жана жарым көчмөн турмушту баштарынан өткөрүп, мал чарбачылыгы менен кызмат кылып келген таластыктар үчүн саясий, чарбалык жана социалдык оор мезгилди өз кучагына алган. Бул мезгилде Талас аймагында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн социалдык, чарбалык жана материалдык шарттары эң татаал баскычка туура келген. Мындай абалдын өкүм сүрүшүнө төмөндөгүдөй тарыхый кубулуштун кыймылдаткыч күчтөрү жана шарттары түрткү болгон:

– 1916-жылдагы Улуттук-боштондук кыймылдын жеңилиши Талас өрөөнүндө жашаган саруу, кушчу, кытай ж.б. урууларды өкүлдөрүнүн турмушунда терс маанайдагы мүнөзү аркылуу чагылдырылган. Кыргыздар менен орустардын, кыргыздар менен немецтердин, кыргыздар менен украиндердин ортосунда бири-бирине болгон ишенимдер, маданий, руханий алакалар жана мамилелер төмөнкү деңгээлге чейин начарлаган;

– аталган хронологиялык мезгилде Талас өрөөнүндө кыргыз урууларынан сырткары немецтер, орустар, украиндер, белорустар, татарлар, казактар, уйгурлар ж.б. элдердин өкүлдөрү жашашкан. Бул көйгөйлөр 1926 жана 1939-жж. жүргүзүлгөн Бүткүл союздук эл каттоолордун маалыматтарында чагылдырылган [3].

Топтолгон этнографиялык маалымттарга караганда Талас аймагында алгачкы орус жана украин кыштактары (*хутор*) XIX кылымдын 70-жылдарынан тартып пайда боло баштаган. 1916-жылга чейин өрөөндө 8 орус -украин (Александровка, Дмитриевка, Покровка, Ключевка, Грозный, Богословка, Ивано-Алексеевка, Алексеевка) жана 6 немец туруктуу кыштактары (Коппенталь, Гнаденфельд, Розенфельд (кийинчерээк - Орловка), Гнаденталь, Иоганосдорф, Николайполь) өкүм сүргөн [1]. Ал эми түрк тилинде сүйлөгөн элдердин ичинен казактар, уйгурлар, татарлар басымдуулук кылган. Өзгөчө 1919-1922, 1930-1933 жана 1936-1937-жылдардагы Казакстандагы болуп өткөн жуттан жана ачарчылыктан 700 миңдей казактар, татарлар, уйгурлар Талас жана Чүй аймактарына көчүп келүүгө аргасыз болушуп, кыргыз айылдары же ага коңшулаш жайларга отурукташууга аргасыз болушкан [1,2,4]. Түрк тилинде сүйлөп, ислам динин туткан башка боордош элдердин мындай ыкмада аймактык жайгашуусу калк аралык жүрүмдөрдүн жүргүзүлүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Аталган мезгилдик мөөнөттө Талас аймагында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык жүрүмдөр өтө төмөнкү деңгээлдеги өзгөрүүлөрдү киргизген. Топтолгон этнографиялык маалыматтарга караганда калк аралык жүрүмдөр эки багытта иш жүзүнө ашырылган. Биринчи багытка кармаган диндери, сүйлөгөн сөздөрү жана чарбачылыгынын кээ бир багыттары окшош элдер менен жүргүзүлгөн калк аралык мамилелер. Мындай мамилелер респонденттердин сөздөрүнө караганда өтө тыкызыраак кыргыз-казак, кыргыз-татар, кыргыз-уйгур, кыргыз-өзбек элдеринин ортосунда байкалган. Ал эми жергиликтүү кыргыздар менен славян тобуна кирген орустар, украиндер, белорустардын ортосундагы калк аралык мамилелер өтө төмөнкү деңгээлде болгон. Себеби, XX кылымдын алгачкы он жети жылында падышалык Россиянын мезгилинде орус тилинде сүйлөгөн, христиан динин туткан орустардын, украиндердин, белорустардын жергиликтүү элге карата жасаган басып алуучулук, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерди тартып алуучулук жана карапайым кыргыз элин талап-тоноочулук саясаты, 1916-жылда улуттук-боштондук кыймылга катышкан жана катышпаган кыргыздарды түрмөгө камап, атып жоготуудагы иш-аракеттери кыргыз-славян калк аралык мамилелеринин калыптанышына чоң тоскоолдуктарды жараткан.

Баяндоочулардын берген маалыматтарына караганда Талас аймагында калк аралык жүрүмдөр социалдык жагынан кедей дыйкандардын, жатактардын, усталардын, соодагерлердин тамак-ашына басымдуу түрдө таасирлерин тийгизген. Мындай таасирлер, адегенде жеке менчик ишмердүүлүгүнөн башталган. 89 жаштагы Өзгөрүш кыштагынын тургуну А.Байсымаков (*саруу уруусу, баяндама 1985-ж. алынган*) “биздин кыштактын жашоочулары XX кылымдын 20-жылдарынын ортосунан кайрак дыйканчылыгы менен кызмат кылышып, өздөрүнүн жеке менчик жерлеринде арпа, астаркан буудай, сулуу өстүрүшкөн. Бирок, Розенфельд кыштагында жашаган немецтерден картошка, буурчак өстүргөндү үйрөнүшүп, тамак-

ашта колдонулган азыктардын курамын кеңейтишкен” [1]. Мына ушуга окшогон чарбалык жүрүмдөр Талас аймагынын түздүктүү кыштактарында кененирээк тараган .

1920-жылдардын ортосунда Чеч-Дөбө, Жайылган, Шекер, Суулу-Маймак кыштактарында бир нече түтүн жатакчылык (*жайлоого көчүшпөй*) кылышып, байлардын айдоо аянттарын иштетишип, жакыныраак жайгашкан Тараз шаарынын соода жарманкелеринен соода жүргүзүшкөн. Алардын күнүмдүк тамак-ашында жарманкеге соода кылып чыккан өзбектерден, татарлардан, уйгурлардан сатылып келинген картошка, сабиз, пияз жана жашылчалардын башка түрлөрүн колдонушкан [1,2]. Мына ушуга окшогон жүрүмдөр Талас өрөөнүнүн түздүктүү аймактарында жайгашкан кыштактарында кездешкен.

Талас аймагында кыргыз түтүндөрү отурукташа баштагандагы уюштурган кыштактары башка элдик же улуттук бирикмелердин мүчөлөрүнө жакын, аралаш же коңшулаш жайгашышына совет бийлигинин өкүлдөрү маанилүү орунду беришкен. Баяндамачылардын билдирүүлөрүнө караганда коңшу же аралаш жайгашкан, мурунтадан дыйканчылык, жөнөкөй (*кустардык*) кол өнөрчүлүк менен кызмат кылып келе жатышкан татар, казак, уйгур, өзбек үй-бүлөлөрүнүн таасирлери отурукташканга өткөн кедей кыргыз дыйкандарына жакшы багыттагы таасирлерин тийгизген. 1924-жылы Чаткалбай жергиликтүү Богословка (*Манас району*) артелине мүчө болуп киргенде ошол кыштакта жашаган Фаттах аттуу татардан аялдардын кооздук жасалгарын жасоонун жаңы ыкмаларын үйрөнгөн. Мурда жөнөкөй устачылык (*аттын такасын жасоо жана аны аттын туягына каңдоо, кичинекей балдардын териден оюнчуктарын жасоо)* кылган Чаткалбайдын чеберчилиги андан ары узарган [1]. Ушуга окшогон кол өнөрчүлүктөгү, дыйканчылыктагы өзгөрүүлөр Кара-Буура, Бакай-Ата, Талас [2] райондорунун кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн чарбачылыгында байкалган.

Изилденген кыштактарда башка элдердин өкүлдөрү кыргыз дыйкандарынын чарбачылыгынын өзгөрүшүнө гана таасирлерин тийгизишпестен, алардын күнүмдүк турмушта колдонгон материалдык маданиятына, анын ичинен салттуу тамак-аш маданиятында азыктардын курамынын өзгөрүшүнө салымдуу таасирлерин тийгизген. Бакайыр, Суулу-Маймак кыштактарында жашаган баяндамачылардын маалыматтарына караганда “өткөн кылымдын 20-жылдардын аягы 30-жылдарынын башында казак жергесинде ачарчылык болуп, беш миңдей казак элинин өкүлдөрү биздин аймакка көчүп келишкен. Жергиликтүү элдин жардамы аркылуу тыңыгандан кийин, алардын материалдык байлыгынын, анын ичинде тамак-ашынын кээ бир түрлөрү кыргыз тургундарынын арасында тарай баштаган. Мындай азыктардын курамына бытыра нан (*майда-майда боорсок*), тапанча нан (*көмөчкө салынган камырдын үстүнө экинчи көмөчтү жаап, ысык чокко көмүлүп бышырылган нан*), жапырак жайма гүлчөтай жана башкалар кирген” [1].

Совет бийлигинин 20-40-жылдарында Талас өрөөнүнүн жарым-жартылай жана туруктуу кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелер ачыктан-ачык таасирин тийгизген эмес. Бирок, топтолгон этнографиялык маалыматтарга караганда чогуу бир кыштакта же кошуна жашаган казактардын, уйгурлардын, татарлардын, өзбектердин жасаган тамактарынын түрлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына өтүүнүн алгачкы кадамдарын жасаган эле. Себеби, аталган элдердин, өзгөчө түрк тилинде сүйлөгөн татарлардын, уйгурлардын, өзбектердин, казактардын өздүк чарбасында иштеген дыйканчылыктын жана багбанчылыктын түрлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасына жаңыдан тарай баштаган. Бул мезгилде Талас аймагында жашаган кыргыз урууларынын басымдуу бөлүгү жарым көчмөнчүлүктө болушкандыктан орус, немец тилдеринде сүйлөгөн элдердин тамактарына өзгөчө көңүл бурушкан эмес. Анын үстүнө, өрөөндө жашаган кыргыздардын басымдуу бөлүгүнүн арасында 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылда орус аскерлеринин жергиликтүү элге болгон мыкаачылыгынын негизинде кыргыз-орус мамилелери курч абалда болгон. Бакай-Ата районунун Өзгөрүш кыштагынын тургуну Ж.Өмүркановдун (*саруу, 72 жашта – баяндама 1985-ж. алынган*) белгилегенине караганда “Кеңеш кыштагы азыркы жайгашкан жеринен түштүгүрөөк, 10-13 чакырым алыстыкта Кыргыз Ала-Тоосунун бөксө тоолуу жеринде жайгашкан. Адегенде кыштактын негизги калкын, малы менен жери жок сегиз түтүн кыргыз жатак үй-бүлө түзгөн. Материалдык абалы начар кыргыз үй-бүлөлөрү, кыштакка жакын жайгашкан Орловканын татарларынан дыйканчылыкты өндүрүүдөгү жашылчаларды, жемиштерди өстүрүүнүн ыкмаларын үйрөнө башташкан. Кыштактын алгачкы тургундары картошка, сабиз, пияз өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн жолдорун татарлардан үйрөнүшүп, аталган жашылчалардан алынган түшүмдөрдү ысык түрдөгү тамак-ашка кошууну өздөштүрүшкөн” [1]. Мына ушуга окшогон жүрүмдөр Талас өрөөнүнүн түздүктүү кыштактарында да кездешкен [2].

XX кылымдын 30-жылдарынын башынан тартып Талас аймагынын түздүктүү жана бөксө тоолуу аймактардагы айылдык кыргыз атуулдарынын ичинен шаарларга күндүзү барып, убактылуу курулуштарда, өнөр-жай цехтеринде иштеп, жумуштан кийин кайра өзүлөрүнүн кыштактарына кайтып келгендердин саны көбөйө баштаган. Алардын 90-95%ын эркек жынысындагы адамдар түзгөн. Кыштактарда жаша-гандардын күнүгө шаарга барып (Талас, Маймак, Тараз)

башка улуттагы адамдар менен жумуш үстүндө аралашып, экономика, социалдык мамилелер, маданият, үрп-адат, каада-салт темаларындагы аңгемелешүүлөрү аларга оң таасирин тийгизген. Шаарда жашаган калктарга мүнөздүү жүрүм-турумдагы, өзүн алып жүрүүдөгү, руханий, материалдык маданияттагы таасир өзгөчө шаарларга жакын жайгашкан кыштактарда жакшы байкалган [3].

Мындай кыштактарда жайгашкан кыргыз үй-бүлөлөрү өткөн кылымдын 30-жылдарынын экинчи жарымында дыйканчылык чарбасын өнүктүрүүдө кошумча чарба катары жер-жемиштерди, мөмө жыгачтарын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Чарбачылыктын жаңы түрүнө өтүүгө кошуна жашаган татар, уйгур, башкырлардын тийгизген таасири байкалган. Шекер кыштагынын тургуну А.Абдукаимов (*саруу, 86 жаш*) кыштакта алгачкылардан болуп өзүнүн көмөкчү чарбасында 1932-жылы *картөшкө*, *сабиз* айдаганды кошуна жашаган башкыр элинин кулуну Р.Сабировдон үйрөнгөн [1]. Ушуга окшогон маалыматтарды Талас өрөөнүнүн Талас, Бакай-Ата, Кара-Буура жана Манас райондорунда топтолгон талаа этнографиялык баяндамаларынан кезиктире алабыз [2].

Топтолгон этнографиялык маалыматтарга караганда, 30-жылдардын экинчи жарымынан Талас өрөөнүндө жашаган түрдүү калктардын ортосунда бирине-бири түшүнүү, достук ымала, үй-бүлөлүк байланыштар түзүлө баштаган. Кыргыз үй-бүлөлөрүндө башка улуттагы элдердин материалдык маданиятынын курамына кирген турак-жайлардын, кийимдердин, тамак-аштын кээ бир түрлөрүн өздөштүрүү жараяны башталган. Жергиликтүү кыргыз үй-бүлөлөрү мурун тамак-аш маданиятында көп колдонбогон жашылчаларды (картөшкө, чемичке, түрп, чамгыр, помидор, бадыраң, жүгөрү, пияз жана башкалар) кененирээк тааный башташкан.

Демек, аталган мөөнөттүк мезгилде арпа, буудай, астаркан буудай, таруу, жүгөрүнүн дандарынан даярдалган *ботко, көжө, быламык* сыяктуу азыктар менен катар башка тамактар дагы кошумча тамак рационун түзө баштаган; шаарларга жакыныраак көп улутту кыштактарда ачылган мамлекеттик дүкөндөн тамак-ашка колдонулуучу жарым-жартылай даяр азыктарды, балык, печенье, момпосуй жана башкаларды сатып алуу көбөйгөн; кыргыз колхозчуларынын өздүк чарбаларында өстүрүлгөн жашылчалар жана жемиштер салттуу тамак-аштын курамына кошула баштаган.

Жогоруда илимий айланпага алынган маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. аталган мөөнөттө Коммунисттик партиянын жана Кеңеш бийлигинин Талас өрөөнүндө кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында социалисттик чарбалык мамилелердин жеңип чыгуусуна карата болгон чечимдери, жоболору жана көргөзмөлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн салттуу тамак-ашынын жаңы багытта өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

2. Талас өрөөнүнүн кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө калк аралык мамилелер ачыктан-ачык таасирин тийгизген эмес. Бирок, чогуу бир кыштакта же кошуна кыштакта жашаган казактардын, уйгурлардын, татарлардын, өзбектердин жасаган тамактарынын түрлөрү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына өтүүсүнүн алгачкы кадамдарын жасаган. Бул мезгилде Талас боорунда жашаган кыргыз урууларынын басымдуу бөлүгү жарым көчмөнчүлүктө болушкандыктан орус тилинде сүйлөгөн элдердин тамактарына өзгөчө көңүл бурушкан эмес. Анын үстүнө, өрөөндө жашаган кыргыздардын басымдуу бөлүгүнүн арасында 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылда орус аскерлеринин жергиликтүү элге болгон мыкаачылыгынын негизинде кыргыз-орус мамилелери курч абалда болгон.

3. Талас аймагында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында чөлкөмдүк салттуу тамактардын кээ бир түрлөрү сакталынган.

**Адабияттар:**


1. Автордун талаа дептери (кыскартылганы - АТД). - Т. 7. - 1985. Өзгөрүш кыштагы Бакай-Ата району Талас облусу (Талаадагы этнографиялык баяндамаларды Ч.К. Өмүрбеков чогулткан).
2. АТД. - Т. 9. - 2011. Шекер, Үч-Булак, Арчагул кыштактары Кара-Буура району Талас облусу (Талаадагы этнографиялык маалыматтарды В.М. Куттубекова чогулткан).
3. Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К. Талас жана Чүй өрөөндөрүндө XX кылымдын 20-40-жылдарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык процесстердин тийгизген таасири / В.М. Куттубекова, Ч.К. Өмүрбеков // Известия вузов Кыргызстана, №1. - Б., 2018. - 156-159-бб.
4. Кенешбеков К.А. Немцы Таласа в период восстания 1916 года / К. А. Кенешбеков // 1916-жыл: Азаттык көтөрүлүшү. 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 95 жылдыгына арналган илимий конференциянын материалдары. - Б., 2012. - 126-б.